Бишкек шаарынын урбосистемасынын мисалында, антропогендик таасир эктопаразиттердин биотүрдүүлүгүнүн (22,5% га) олуттуу кыскарышына алып келери көрсөтүлгөн. Шаарда паразиттердин көп болушунун индекстери табигый биотопторго салыштырмалуу бир кыйла төмөн, бул айрыкча чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн мителеринин мисалында байкалат. Ошондой эле паразиттердин басымдуулук кылган түрлөрүнүн өзгөрүшү жана алардын көбөйүшү байкалган, бул өзгөчө иксод кенелеринде (Ixodidae) байкалат. «Ысык-Көл» биосфералык аймагынын тыйын чычкандын паразитоценозу иликтенди. Гамазид (Gamasina) кенелеринин эки түрү Hirstionyssus sciurinus, H.criceti жана бүргөлөрдүн белгилүү бир түрү Tarsopsylla octodecimdentata аныкталды. Түрдүк жана экологиялык ар түрдүүлүгү менен айырмаланган гамазид кенелеринин комплекси айлана-чөйрөнүн абалынын индикатору болушу мүмкүн. Тянь-Шанда, Кыргызстан менен Казахстандын чектешкен аймагында ак куунун жашоого жөндөмдүү болгон популяциясы аныкталды. Ысык-Көлдүн айланасында сууда сүзүүчү канаттууларды кыш мезгилинде изилдөө (эсепке алуу) жүргүзүлдү, жеке пансионаттардын жана санаторийлердин аймактарын эсепке албаганда суу канаттууларынын 30 түрү – 56 758 канаттуу катталды.

Латын, орус, кыргыз тилдеринде зоологиялык музейдин коллекциясын каттоонун электрондук журналы түзүлдү.

Эл аралык уюм Рурал Девелопмент фонду менен биргеликте, иш-аракети жаратылыш аймактарына коркунуч келтирген ишканалар; жергиликтүү өкмөттүк эмес уюмдар, жергиликтүү ишкердик уюмдар, жаратылыш туризмине катышкан ишканалар, тоо кен тармагынын өкүлдөрү ж.б. ишканалар үчүн электрондук карта түзүлдү. Шилтеме: http://rdfmap.kg.

Соң-Көл көлүнүн ихтиологиялык жана гидробиологиялык материалын, балыктардын түрдүк курамын изилдөө үчүн, өндүрүштүк мааниси бар балыктардын түрлөрүнүн санынын динамикасын жана алардын азыктүлүк менен камсыз болушунун абалын изилдөө изилдөө иштери уланууда.

ПРООНдун «Туруктуу жашоого колдоо көрсөтүү үчүн Батыш Тянь-Шандын глобалдык маанилүү биокөптүрдүүлүгүн жана ага байланыштуу жер жана токой байлыктарын сактоо» долбоорунун негизинде Кара-Суу көлү (МЖП «Алатай») боюнча изилдөө иштери башталды. Ак-Тюз, Орловка, Кажи-Сай, Кара-



*Пелядь балыгы — Coregonus peled (Gmelin)*

Балта жана Мин-Куш калдыктар сактагычы жайгашкан аймактын топурактарынын оор металлдар жана радионуклиддер менен булгануусунун таасирине туруктуу топурак бактериялары жана микромицеттердин штаммдары аныкталды.

Моделдик эксперименттин жыйынтыгында коргошундун жогорку концентрацияларына эффективдүү жана туруктуу топурак микромицеттеринин 6 штаммы (24-01-2 Penicillium purpurogenum; N3-TS2 Penicillium notatum; N5Kzh3 Penicillium notatum; N5-TS3 Penicillium spp.; N1-TB2 Penicillium spp.; N2Kzh Penicillium spp.) тандалып алынды.

Ысык-Көл областынын Балыкчы шаарындагы нефтебазанын аймагындагы топурактардын катуу булгануусу (1990-жылдардагы авария) топурак микроорганизмдеринин функционалдык маанилүү топторунун кескин кыскаруусуна алып келгени микробиологиялык изилдөөлөрдө аныкталды. Өтө уулуу элементтердин топурак үлгүлөрүндө кармалуусу: коргошундун (кыймылдуу формасы) ЧК (ПДК) 2-3 эсеге, марганецтин кыймылдуу формасы 2-2,5 эсеге, ал эми нефтепродуктуларынын кармалуусу 10 эсеге (3100 мг/кг топурак) жогору болуусу топурактын сапатына жооп берген нормативдик документтердин талабына жооп бербейт.

Биология институтунун биогеохимия жана радиоэкология лабораториясы Pb210 жана Po210 аныктоонун жаңы методдорун Германиянын «WISUTEC, айлана-чөйрөнү коргоонун технологиясы» менен биргеликте өздөштүрүштү, ошондой эле U238 КР УИАсынын БИ – «Уранды тартылган заттардан, калдык сактагычтардан, топурак ж.б. аныктоо методикасы» ураңды ар түрдүү заттардан аныктоо иштери жүргүзүлдү.

«Ысык-Көлдүн чыгыш жээктериндеги зоналардын топурак-өсүмдүк кыртышын экологиялык-биогеохимиялык баалоо" боюнча материалдар жыйынтыкталды.

Ошону менен бирге топуракта жез, коргошун, кадмий элементтеринин валдык кармалышынын карта-схемасы түзүлдү. Ысык-Көл ойдуңунун чарбачылык жер аймагынын топурагында 1992-1994-жылдарда жана 2012-2014-жылдарда (Cu, Pb, Cd) микроэлементтердин кармалышы боюнча материалдар талданды. Ал боюнча масштабы 1:50 000 автордук карта-схема, түшүндүрмө тиркемеси менен түзүлдү.

Россиядан алынган Бактоцид жана Энтолек биопрепараттарына экинчи ирет лабораториялык жана талаа сыноолору өткөрүлдү. Эки дары тең жибек көпөлөгүнө каршы жакшы натыйжалуулугун көрсөттү, дарылоодон 2-5 күндөн кийин Бактоцид курттардын 95-100%, ал эми Энтолек - 55% жоголушуна алып келди.

Ар кандай ийне жалбырактуу токойлордон токой үрөн участокторун түзүү жана өнүктүрүү боюнча иштердин алкагында жана Нарын токой чарбасында көп жылдык изилдөөлөрдүн натыйжасында, Нарын токой чарбасында туруктуу токой үрөн участогуна (ПЛСУ) өндүрүшкө киргизүү актысы алынды. Учурда тандалган бак-дарактар урук бере башташты (тянь-шань карагайы, сибирь лиственницасы жана ак карагай ж.б.). Жергиликтүү үрөндөрдөн өстүрүлгөн көчөттөр сапаттуу, бул токой чарбасына экме токойлорунун өнүшүн жана сакталышын жакшыртууга мүмкүндүк берет.

Ысык-Көл облусунда өстүрүлгөн Juglans regia L. биоэкологиялык өзгөчөлүктөрүн изилдөөсү көрсөткөндөй, Ысык-Көл об-лусунда тандалган жаңгак дарактары генеративдик органдардын жылдык түзүлүшү жана туруктуу түшүм алуу мүмкүнчүлүгү менен мүнөздөлөт.

Аз түшүмдүү жылдар таптакыр сейрек кездешүүчү көрүнүш, эгерде мындай болсо, анда гүлдөө жана түшүмдү түзүү мезгилинде аба ырайынын жагымсыз факторлорунан улам, генеративдик органдардын соолуп калышынын натыйжасы гана болуп саналат.

Сары-Булак базалык станциясында чычырканактын «Подарок саду» сортунан 76 даана калемче, «Отрадная» сортундагы бир жылдык көчөттөрүнүн 12 даана калемчеси жана «Золотая-Коса» сортундагы 20 даана калемчеси даярдалды.

Сары-Булак базасында терек питомниги уюшулуп, плантацияларды андан ары түзүү үчүн перспективдүү сортторду жана гибриддерин тандоо жүргүзүлдү.

Арча токойлуу аймагында топурактардын физикалык касиеттеринин өзгөрүшүнө токой маданиятынын таасири аныкталды. Топурактын эң жогорку өткөрүмдүүлүгү 45-50 жаштагы карагай, кайың жана ак карагай дарактарынын арасында байкалат.

### Илимий -уюштуруучулук ишмердиги:

Эл аралык кызматташуунун алкагында Рурал Девелопмент Фонд (RDF), МНТЦ, FFI, ПРООН, IUFRO, GIZ, ФАО ж.б. Эл аралык фонддор менен 13 биргелешкен долбоорлор ишке ашырылууда.

КРнын ЖОЖ, ИИМ, ӨКЖА ж.б. мекемелери жана эл аралык уюмдар менен илимий-техникалык кызматташуулар боюнча 12 келишим түзүлдү.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик мекемелерине 44 эксперттик корутундулар берилди.

Кызматкерлер КМШ өлкөлөрү менен биргеликте илимий иштерди аткарып келе жатышат. КЭР ИА Зоология институту (Пекин), Өзбекстан ИА Ботаника институту, Казакстан Республикасынын Энергетика министерствосунун Ядердик физика институту, РИА Вернадский атындагы Геохимия жана аналитикалык химия институту, University of Bergen (NO-UiB) (Норвегия), В.Л. Комаров атындагы Ботаникалык институт, Мичиган мамлекеттик университети (АКШ), Эл аралык банк жана Глобалдык экологиялык фонд (ГЭФ), Кыргыз-Француз биргелешкен экотуристтик ОО (AFKF) ж.б. менен кызматташат.



Институттун кызматкерлери 5 мамлекеттик программаларга катышты, анын ичинен экөөнүн автору. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү, «Аткаруучу бийлик органдарына, алардын алдындагы аткаруучу структуралык бөлүмдөрүнө жана ведомстволук мекемелерине мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн бирдиктүү реестрин (тизмесин) бекитүү жөнүндөгү. № 85, 10-февраль 2012-ж.» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтом долбооруна инвестицияларды тартуу максатында катышат.

4 долбоор даярдалды:

1. Рамсар конвенциясынын заказы боюнча «Токтогул суу сактагычы жана Чүй дарыясынын сол жээктерине (Аламүдүн жана Жыламыш дарыя аралыктарына) киргизүү боюнча.

2. Япон Эл аралык агенствосу (ЛСА) менен биргеликте «Картошканын тамыр системасындагы оору козгогучтар жана оору алып жүрүүчү циста түзүүчү нематоддордун топуракты булгашын азайтуу үчүн жашыл кыктын таасири» деген темада изилдөө жүргүзүү боюнча.

3. «Кыргызстанда жибекчиликти кайра жандандыруу». Кытай, Тажикистан жана Индиялык партнерлор менен тыттардын көчөттөрүн отургузууга даярдануу долбоорун уюштуруу боюнча иш башталууда.

4. Токой Эл аралык союзунун илимий мекемелери (IUFRO) «Келечектеги туруктуу токой лабораториясы».

Жарыкка чыккан эмгектер: баардыгы 92 илимий эмгек, алардын ичинен: 48 макала чет мамлекеттерден (Web of Sci – 5, Thomson Reuters–2, Scopus–4, РИНЦ–35, 4 монография (Кореядан-1), ЖОЖдор үчүн 2 методикалык колдонмо, 5 справкалык пособиялар жана сунуштар, 4 инструкция жарыяланды.

Биология институту тарабынан «Кыргызстандын жандуу жаратылышын изилдөө» аттуу журналынын кезектеги тому чыгарылды.

Институттун кызматкерлери 35 Эл аралык жана республикалык илимий форумдарга катышышты.

## ХИМИЯ жана ФИТОТЕХНОЛОГИЯЛАР ИНСТИТУТУ

*Институтта кызматкерлердин саны - 144, анын ичинде 13 илимдин доктору жана 34 илимдин кандидаты болуп, жалпысынан 87 илимий кызматкерлер бар. Жаш илимпоздордун саны 22% түзөт.*

Бюджет-24 401,3 миң сом, бюджеттен тышкары – 74,4 миң $.

**№1 ДОЛБООР: «Кыргыз Республикасындагы жаратылыш, минералдык жана органикалык сырьелорду химикалык-технологиялык жана биологиялык ыкмалар боюнча кайрадан иштеп чыгуу».** Аткарылуучу убагы - 2019-2023- жж. Регистрациялык № 0007659.

**Маанилүү жыйынтыктар:**

Интер полиэлектролиттердин гумин заттардын жана жер кыртыштарынын бөлүкчөлорүнүн негизинде пайда болгон гибрид композиттеринин касиеттери изилденген. Гидрофобдуу фрагменттердин пектиндин структураларына таасири изилденген.

a b c



*Үстүнкү бетинен тартылышы: а) нативдүү топурак; б) NIPTC менен иштетилген топурак; в) NIPTC аркылуу ажыроодон кийин*

Көмүрлөрдү кислоталар менен модификациялоодо көмүрдин үстүнкү бетинде көптөгөн кычкылтектүү группалар пайда болуп көмүрдүн структураларынын чечкиндүү өзгөрүлүшү байкалган микро- жана мезопоралуу көмүрлөр пайда болгон. Алардын уделдүү аянты баштапкы көмүрлөргө караганда бир нече эсе көбөйгөн.

Кальцийдин хлориди менен сырьенун массалык катнашынын нефелин сиениттин күйгүзүү ыкмасы аркылуу ажыратуудагы процесске тийгизген таасири боюнча изилдөөлөр жүргүзүлдү. Кальцийдин хлориди менен сырьенун массалык катнашы 2:1 болгондо нефелин сиенитинен алюминийдин жана темирдин эритмеге бөлүнүп чыгуусу максималдуу болгондугу көрсөтүлдү, мында алюминийдин жана темирдин оксидинин бөлүнүп чыгуу даражасы 83,15 жана 64,35 % болгондугу аныкталды.

Нефелин сиениттин калийдин карбонатынын (поташтын) катышуусу менен күйгүзүүдөн кийинки ажыроосу боюнча изилдөөлөр жүргүзүлдү. Нефелин сиениттин калийдин карбонаты менен 850-9000 С температурада күйгүзүүдө сырьедон алюминийдин эритмеге максималдуу санда өткөндүгү көрсөтүлдү, мында алюминийдин оксиддинин бөлүнүп чыгуу даражасы 84,31-86,08 % түздү.

Түштүк Кыргызстандагы Ferula L. тукумундагы өсүмдүктөрдүн терпеноиддерин изилдөө боюнча изилдөөлөр жүргүзүлдү. Ferula Ferganensis Korov жаш өсүмдүктөрүндө минералдык заттардын анын ичинде калийдин көбүрөөк топтолгондугу



аныкталды. Табигый жана антропогендүү факторлордун өсүмдүктөрдүн микро-элементүү составына түздөн-түз таасир тийгизгендиги көрсөтүлдү.

Катена-түзүлүштөгү 3d-металлдардын туздары менен модификацияланган азолдордунөз ара аракеттенишүүсүнөн пайда болгон металлохелаттардын моно, би- полимердик жана полиядролук жаңытатаал бирикмелер синтезделип алынды. Ал бирикмелердин курамы, касиети жана түзүлүштөрү термикалык, рентгенофазалык жана ИК-электрондук спектроскопия ыкмалары менен изилденди. Рентгеноструктуралык ыкма менен төмөнкү татаал кошулмалардын $[Cu\ (C_3H_4N_2)Cl]$ Cl-жездин тетраимида-золдихлориди (I) жана Cd $(C_3H_4N_2)_6(NO_3)_2]$ кадмийдин нитратынын гексаимидазолунун (II) кристаллдык түзүлүштөрү аныкталды.

Натыйжада (I) татаал бирикменин координациялык полиэдры- искаженный октаэдр жана (II) татаал бирикме моноклиндик сингонияда кристаллдашып, тетрагоналдык-пирамидалык түзүлүштө экендиги тастыкталды.( 1-сүрөт, а,б.)



*Комплекстердин кристаллдык түзүлүштөрү: а) $[Cd\ (C_3H_4N_2)_6(NO_3)_2]$; б) $[Cu(L)_4{\cdot}Cl[Cl$*

Бактериялардын негизинде пайда болгон оорулардын алдын алуу жана дарылоо максатында фунгициддик эффективдүүлүгү жогору «Кобазол» препараты иштетилип чыгарылды (30.06.2020-ж. КРсынын №2211 патенти).

Жаңы синтезделген татаал кошулмалардын ичинен өзгөчө спецификалык эң жогорку антимикробдук активдүүлүгү бар татаал бирикме цинктин нитратынын дигидраттетраимидазолу («Цинказол») тандалып алынып, ал бирикменин пратки жүзүндө колдонулууда келечеги бар экендиги аныктылды. Бул бирикменин антимикробдук препарат катары колдонуу методикасы иштетилип чыгарылды жана КР патенти аркылуу корголду (№3557, берилген датасы 05.10.2020-ж.)

Биринчи жолу үстүбүздөгү жылы Жалал-Абад облустунда жайгашкан төрт токой чарбасынын («Дашман» Мамлекеттик Жаратылыш коругунда, Арстанбап-Ата, Кызыл-Ункур жана Ачы токой чарбасында) 125 миң гектар аймагында бөрү карагаттын таралуу ареалын картага түшүрүү боюнча илимий-изилдөө иштери жүргүзүлдү. Изилдөөлөрдүн негизинде ушул токой чарбаларында өндүрүшкө-жарамдуу бөрү карагаттын өлчөмү аныкталып, аларды



*Арсланбабдагы түшүмдүүлүгү мол карагат*

чогултуп жыйноодон республиканын бюджетине бир топ санда финансылык пайда алып келсе болоору аныкталды.

Көп жылдык интродукциялоо боюнча жүргүзүлгөн илимий-изилдөөлөрдүн негизинде 2020-жылы Кыргыз Республикасынын аймагында пайдаланууга уруксат берилген сорттордун жана

гибриддердин Мамлекеттик тизмесине топинамбурдун (жер алмурутунун) 6 сорту (Бланк, Интерес, Ленинградский, Находка, Салатный, Француз фиолетовый) Чүй облусунда колдонууга уруксаат берилди.

*2020-жылы илимий - изилдөө иштеринин жыйынтыктарын өндүрүшкө киргизүү жана илимий-техникалык өндүрүмдү ишке ашыруу (сатуу):*

1. Ысык-Көл жана Чүй өрөөндөрүнүн өндүрүшкө жарактуу болгон дары-дармек жана эфир майлуу (жыпар жыттуу) өсүмдүктөрүнүн биологиялык жана эксплуатациялык өлчөмүнүн (запасынын) ареалы (таралышы) картага түшүрүлдү. Кыргыз Республикасында дары-дармек өсүмдүктөрдү чогултуучу менчик жана мамлекеттик ишканаларга лицензия сатылат.

2. Саламаттык сактоо тармагынын жана фармацевтика секторунун кызматкерлери үчүн «Стероиддик эмес сезгенүүгө каршы каражаттарды сарамжалдуу пайдалануу жана фармакологиялык көзөмөлдөө» боюнча усулдук колдонмо.

3.Саламаттык сактоо тармагынын жана фармацевтика секторунун кызматкерлери үчүн «Диспепсия синдрому менен ооругандарды фармацевтикалык тейлөө» боюнча усулдук колдонмо. Керектөөчү: Саламаттык сактоо тармагы, фармацевтикалык сектору. Кыргыз Республикасында диспепсия синдромунда колдонулган дары каражаттар боюнча керектөөчүлөргө фармацевтикалык жардамдын сапатын жогорулатуу.

4.Бактериялардын негизинде пайда болгон оорулардын алдын алуу жана дарылоо максатында фунгициддик эффективдүүлүгү жогору «Кобазол» препараты иштетилип чыгарылды.

5.Эң жогорку антимикробдук активдүүлүгү бар таттал бирикме цинктин нитратынын дигидрат тетра имидазолу («Цинказол») тандалып алынып, ал бирикменин практика жүзүндө колдонууда келечеги бар экендиги аныкталды. Керектөөчү: Саламаттык сактоо тармагы, фармацевтикалык сектору. ССКК чыгарууда бейтаптарга маалыматтык-кеңеш берүү кызматын сунуу сапатын жогорулатуу.

**Илимий-уюштуруучулук ишмердиги:**

Институтта химия илиминин доктордук (кандидаттык) даражасын жактоо боюнча диссертациялык ведомостволор аралык кенеш иштеп жатат.

Басылып чыккан иштер: 2 патент алынды, чет мамлекетте 1 брошюра чыгарылды. Баардыгы 37 илимий макала, анын ичинде 19 макала чет мамлекетте, РИНЦ индекси менен 32 жана 2 макала Scopus индекси менен басып чыгарылды. КР илимий журналдарында РИНЦ индекси менен 18 макала жарык көрдү. 5 методикалык пособие чыгарылды. Конференция уюштуруу: И.Арабаев атындагы КМУ менен бирдикте «Нанотехнологиялар, наноструктурдук материалдар: Кыргызстанда өнүгүүсүнүн келечеги» аттуу Эл аралык илимий конференция уюштурулду.



# БИОТЕХНОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ

*Институтта кызматкерлердин саны - 69, анын ичинде илимий кызматкерлер - 42, илимдин доктору-6 жана илимдин кандидаты-9. Жаш окумуштуулардын саны 26,8% түзөт.*

ДОЛБООР: **«Биологиялык ресурстарды алмашуу максатында жаныбарлар, өсүмдүктөр, микроорганизмдердин генетикалык ресурстарынын банкын түзүү».**
Регистрациялык № 0007185. 2016-2021-жж. 4 Эл аралык долбоордо катышуу.
Бюджет – 11 133,4 миң сом, бюджеттен тышкары - 8 925,0 миң сом.

**Маанилүү жыйынтыктар:**

Чүй, Ысык-Көл облустарынын аймагынан майда кемирүүчүлөрдөн 3 жолу кайталап текшерүү үчүн 70тен ашык биологиялык үлгүлөр жыйналды.

Мындан башка Түштүк Корея тоокторунун «Ханкяп» породасынын Кыргызстандын табигый климаттык шартына көнүү мүмкүнчүлүгү изилденди.

Ысык-Көлдөгү фитопланктондор боюнча изилдөөлөр жүргүзүлдү. Бул изилдөөлөрдө тобокелчилик деген түшүнүккө: мүмкүнчүлүк, белгисиздик жана зыянкечтик деген негизги ыкмалар көрсөтүлгөн. Ысык-Көлдүн ар кандай тереңдиктеринен ар кандай параметрлер менен көп сандагы эксперименталдык маалыматтар алынды.

Азыркы учурда алынган маалыматтардын негизинде көлдүн булгануусу боюнча компьютердик моделдештирүү жүргүзүлүп жатат.

«Covid-19» байланыштуу лабораториянын кызматкерлери короновируска ПЦР-анализ жүргүзүүгө көмөктөштү. Кошумча, кызматкерлерге өзгөчө коркунучтуу инфекциялар менен кантип иштөө жана коронавирус боюнча протоколдорду түзүү боюнча окутуу болду.

Өсүмдүктөрдүн түрлөрүнүн уруктары даярдалып, MSBга жөнөтүлдү. Декоративдик түрдүн уруктары MSBдин Улуу Жибек Жолунун көрктөндүрүү долбооруна атайын чогултулган.

Кью Падышалык ботаникалык бакчасы менен биргеликте “Banking seeds of the flora of Kyrgyzstan 2016-2020” долбоору боюнча иш улантылууда. Лабораториянын кызматкерлери уруктарды жана гербарий материалдарын чогултуу боюнча экспедицияларын жүргүзүшкөн. Бүгүнкү күндө Биотехнология институтунун уруктарды сактоочу банкында төмөнкү температура шартында уруктарды узак мөөнөткө сактоого даярдоо жана материалдын дубликаттарын Кью Королдук Ботаникалык бакчасына жөнөтүү боюнча иштер аяктады.

Республикадагы ар кандай асыл тукум чарбаларында генетикалык ресурстар болуп саналган кыргыз жүндүү, мамык жана сүттүү породадагы 30 баш эчкини биоаттестациялоо жүргүзүлдү.

Организмдеги дем алуу функцияларына, кандын жаралуусуна, гуморалдык иммунитетке, организмдеги белоктук, липиддик, көмүртектик жана минералдык алмашууга катышкан кандын гематологиялык жана биохимиялык компоненттерине математикалык, дисперсионалдык талдоо жүргүзүлгөн. Изилденген кандын компоненттеринин өзгөрүүсүнө тукумдук фактордун таасири аныкталган.

Кандын гематологиялык көрсөткүчүнө таасир этүүсү: 7,6% (лейкоцит), 31,5% чейин (гемоглобинге), белокторго - 38,4%, ферментке АЛТ 24,7%, микроэлементтерге -19,5 (кальцийге), 61,2% (темирге) чейин, иммуноглобулинге-45,0%.Генетикалык ресурстардын банкына асыл тукум жаныбарларды чогултууда кандын гематологиялык жана биохимиялык ингредиенттеринин оптималдуу параметрлери сунушталган.

Биринчи жолу, айрым учурларда генетикалык фактор организмдеги биохимиялык процесстердин жүрүшүнө бир аз таасир эте тургандыгы аныкталды, бул чөйрөнүн паратипиялык шарттары менен ири




*Генетикалык фактордун эчкилердеги кан физиологиялык параметрлеринин өзгөрүлүшүнө тийгизген таасири (%)*

байланышына жана организмдеги башка көрсөткүчтөр менен корреляциондук бири-бирине таасир берүүсүнө шартталган.

Коёндун вирустук геморрагиялык оорусуна каршы вакцина жасоонун жаңы ыкмасы иштелип чыкты, анын ичинде вирусту өстүрүү, вирус камтыган материалдарды чогултуу, анын жугуштуу активдүүлүгүн аныктоо, инактивациялоо, адъюванттарды киргизүү камтылат. Бул ыкмада вирусту өстүрүү коён бөйрөк клеткаларынын культурасында жүргүзүлөт.

«Коёндордун геморрагиялык оорусуна каршы вакцинаны даярдоо ыкмасын» ойлоп тапкандыгы үчүн патент алынды. КРнын ойлоп табууларынын мамлекеттик



*Кутурма менен ооруган чычкандын мээсине байкоо жүргүзүү*



*Чычкандардын мээсине кутурма вирусун куюу*

реестринде 28- июнда 2019-жылы катталган.

Кыргызстанда биринчи жолу жергиликтүү «КБ-Биотех» штаммынан коёндордун вирустук геморрагиялык оорусуна каршы вакцина даярдалды.

Жергиликтүү кутурма вирусунун изоляты бөлүнүп алынды. Ак чычкандарга биоанализ жүргүзүлүп, анын биологиялык касиеттери изилденип жатат.

**Илимий-уюштуруучулук ишмердиги:**

Жүндү өндүрүү, даярдоо, иштетүү жана сатуунун иштелип чыккан системасын тажрыйбага киргизүү уланып жатат.

Аламүдүн районундагы СК «Ветка» жана Панфилов районуна караштуу жеке менчик чарбаларга ири мүйүздүү малдардын жугуштуу ылаңына каршы профилактикалык чараларды уюштуруу боюнча илимий-





*Кутурмага мүнөздүү клиникалык белгилери бар чычкандар*

кеңештик жардамдар көрсөтүлдү. 30 уюм менен ишкер кызматташтыгы жөнгө салынып, 5 эксперттик корутунду берилген. «Bio-KG» (12.03.20)

ПРООН, ОБСЕ, жана ЖК КР, ФАО, КАООСХЛХ, Жашыл экономика боюнча коомдук кенеш жана АЧКИжМнин департаментинин өкүлдөрү менен "Кыргыз Республикасында генетикалык ресурстарды сактоонун укуктук негиздери" деген темада биргелешкен жолугушуу өткөрүлдү.

АЧКИжМ жана КУАУнун өкүлдөрүнүн катышуусу жана КСППнын демилгеси менен Түштүк-Кытай университети менен биргеликте видеоконференция өттү.

Кызматкерлер 9 Эл аралык олайн-конференцияга жана вебинарга катышышты.

Илимий кадрларды даярдоодо 10 кызматкер, конференция, семинарларга 15 кызматкер катышты.

Жалпы 20 эмгек басмадан чыкты, 16 макала, анын ичинен 3 чет өлкөдө жарыяланган (Scopus-1, РИНЦ -2), 4 монография чыкты. Плакат жана видеоролик даярдалды.

## ТОО ФИЗИОЛОГИЯСЫ жана МЕДИЦИНА ИНСТИТУТУ

*Кызматкерлердин жалпы саны – 63, анын ичинен 45 адам илимий кызматкер, 8 илимдин доктору, 17 илимдин кандидаты эмгектенет. Жаш окумуштуулардын үлүшү - 30 %.*

**ДОЛБООР: «Калктын сапатына жана жергиликтүү жашоочулардын жашоо-шарттарынын алкагындагы ресурстук потенциалына тоонун экологиялык жана климаттык шарттарынын тийгизген таасирин баалоо».**

Аткарылуу убагы: 2016-2020-жж.

Бюджеттик финансылоо – 8827,4 миң сом, бюджеттен сырткары каржылоо: 1 275,0 миң. сом.

**Маанилүү жыйынтыктар:**

Тоо аймагында жашаган калктын адаптациялык жообунун өзгөчөлүктөрү изилденди, т.а., алардын өздөрүнүн муктаждыктарынын канааттандырылышын жана жашоо шарттарын көтөрө билүүсүн, субъективдүү кабыл алуу позициясы каралды. Жеке жана айлана-чөйрө ресустарын баалоо боюнча аймактык өзгөчөлүктөрү аныкталды, натыйжада Ат-Башы, Гүлчө менен салыштырганда, Түптө мындай байланыштардын күчүнүн жана санынын төмөндөшү байкалган. Ал эми Сары-Ташта мындай байланыштардын жоктугу аныкталган. Мындай өзгөчөлүк белгисиздик деңгээлин азайтуу багытында респонденттердин адаптациялык жообун кайра түзөт жана бизге белгилүү инструменттерди колдонууга өбөлгө түзөт.

Аймактык жашоочулардын ден-соолугунун интегралдык көрсөткүчүн баалоонун жыйынтыгынын анализи, 2005-2018-жж. аралыгында Баткен, Ош, Талас облустарында «ден-соолуктун эң жогорку деңгээли» сакталганын айгинелейт. Ушул эле мезгил ичинде ден соолуктун интегралдык көрсөткүчүнүн өзгөрүүсү Жалал-Абад облустунда гана болгондугу аныкталды: 2005-жылы ал «ден-соолуктун эң жогорку деңгээлин» (111,2 %) сактаган топко кирип турган эле, ал эми 2018-жылы «ден-соолуктун орто деңгээлин» (104,6 %) сактаган топко өтүп кеткен. Ал эми Ысык-Көл, Нарын жана Чүй облустарында болсо «ден-соолуктун төмөнкү деңгээли» сакталып турган. Ден-соолуктун интегралдык көрсөткүчүн ченөө жана мониторинг жүргүзүү аймактардын өнүгүүсүнүн динамикасын баалоо гана эмес, алардын ичинен салыштырмалуу «ыңгайлуу» жана «ыңгайсыз» аймактарды аныктоого да мүмкүнчүлүк түзөт. Мындай маалыматтар кандайдыр бир башкаруучулук чечимдерди кабыл алууга жардам бере алат.




*1-сүрөт. Калктын ден соолугунун интегралдык индикаторунун динамикасы*



Түштүк жергесинин орто - жана бийик тоо аймактарынын жашоочуларынын жүрөк кагуу ритмдеринин вариабилдүүлүгүн баалоо боюнча артыкчылыктуу маалыматтар алынган. Бийик тоо алкагынын жогорулашы менен жүрөк ритминин жогорку жыштыктагы термелүүлөрүнүн кубаттуулугунун жана спектрдин суммардык кубаттуулугунун төмөндөшү, ал эми чыңалуунун стресс-индексинин жана вагосимпатикалык индекстин көрсөткүчтөрүнүн жогорулашы далилденген. Бул натыйжалар адаптивдик механизмдердин чыңалышын жана вегетативдик баланстын жөнгө салуунун симпатикалык звеносун көздөй жылышын көрсөтөт.

Нейрофизиология лабораториясында жүргүзүлгөн илимий иштердин жыйынтыктарын комплекстүү анализдөөнүн негизинде, Нарын, Ош жана Ысык-Көл облустарында д.д. 2800 метр бийиктикте жашаган өспүрүмдөрдүн жана калктын, ЭЭГ нормативдердин аныкталган аймактык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен ЭЭГ параметрлеринин маалыматтык базасы иштелип чыкты. Ошондой эле КРнын жогоруда айтылган бийик тоолуу аймактарында жашаган «өспүрүмдөрдүн ден-соолугунун функционалдык абалынын электрондук паспорттору» иштелип чыккан. Борбордук нерв системасынын жана психикалык реакциялардын абдан туруктуулугу жана ийкемдүүлүгү тоо шарттарындагы жүрүм-турумдун негизги, эффективдүү физиологиялык ресурсу болуп эсептелери аныкталган. Бул тоолуктардын оптималдуу адаптациясын камсыздайт жана айлана-чөйрөнүн стрессордук таасирине кабылган жана туруктуу эмес функционалдык абалга ээ болгон адамдардын тобун бөлүп көрсөтүүгө мүмкүндүк берет.

Кыргыз Республикасында биринчи жолу тоодо жашаган өспүрүмдөрдүн ден-соолугун сактоо жана чыңдоо үчүн индивидуалдык багыттагы мамилени уюштурууга мүмкүндүк берген ден соолукту сактоонун технологиясынын жаңы формасы сунушталууда. Бул форма бардык физиологиялык мүнөздөмөлөрдү камтыйт, келечекте профилактикалык иштерди уюштуруу үчүн ден соолукту чыңдоого жардам берген программаларды иштеп чыгуу мүмкүнчүлүгү түзүлөт. Паспорт ден соолукту сактоонун бирдиктүү системасын камсыз кылат.

Ошентип, калктын популяциялык ден-соолугунун жана адаптациялык потенциалынын негизги мүнөздөмөлөрү аныкталды. Нарын, Ош жана Ысык-Көл аймактарында деңиз деңгээлинен 2800 метр бийиктикте жашаган тоолуктардын нейрофизиологиялык жана психофизиологиялык мониторингдик изилдөөлөрдүн натыйжасында борбордук нерв системасынын негизги нейродинамикалык мүнөздөмөлөрү жана психофизиологиялык абалы аныкталды. Бул маалыматтар бийик тоолуу аймактын жашоочуларынын маалымат базаларын түзүү үчүн жана регионалдык өзгөчөлүктөрдү жана ЭЭГ нормативдерин эске алуу менен бийик тоолордогу өспүрүмдөрдүн ден соолугунун функционалдык абалынын электрондук паспортторун иштеп чыгуу үчүн негиз болуп кызмат кылган. Ошондой эле жогоруда көрсөтүлгөн маалыматтарды бул тажрыйбаны коомдук саламаттыкты сактоо системасына киргизүүдө эске алуу керек.




*3-сүрөт. ЭПФСЗП башкы интерфейси*

1500-3200 метр бийиктикте жайгашкан бийик тоолуу райондордун калкына жүргүзүлгөн изилдөөлөр теориялык гана эмес, практикалык жактан да кызыгууну туудурат. Иммундук статустун негизги көрсөткүчтөрү (Т-, В- звенолор жана иммунитеттин спецификалык эмес коргоосу) Алай районунун ар кандай бийиктиктериндеги жашоочуларында - Гүлчө айылында (деңиз деңгээлинен 1540-60 метр бийиктикте), Талды-Суу айылында

(деңиз деңгээлинен 3040 метр бийиктикте); Сары-Таш айылында (деңиз деңгээлинен 3118 метр бийиктикте) аныкталды.

Алай районунун айыл тургундарынын арасында, Гүлчө (375 адам), Талды-Суу (64 адам) жана Сары-Таш айылы (189 адам) амбулатордук медициналык карталардын жардамы менен оорулардын таралышына талдоо жүргүзүлдү. Алай районунун Талды-Суу жана Сары-Таш айылдарынын жашоочуларында Т-лимфопения жана циркуляциялык иммундук комплекстердин жогорку деңгээлде кармалышы менен коштолгон, иммундук системанын клеткалык звеносунун иммуносупрессиясы аныкталган. Мындай байкалган өзгөрүүлөр фагоцитардык коргоонун дефектисинин кесепетинен пайда болушу мүмкүн, бул иммунодефициттерди болжолдуу диагностикалоого, өнөкөт жана рецидивдик оорулардын өнүгүү тобокелдиктерин аныктоого мүмкүндүк берет.

Оорунун жүрүшүн изилдөө дээрлик дени сак адамдардын жана ар кандай патологиясы бар адамдардын проценттик катнашын аныктаган. Мисалы, Гүлчөдө ден соолугу дээрлик жакшы адамдар - 17,6% (82,4% оорулуулар), Талды-Сууда - 12,5% (87,5%) жана Сары-Ташта - 29,6% (70,4%).

Жергиликтүү тургундарга жүргүзүлгөн байкоолор, бийик тоолуу аймактарда иммунитеттин жана ден соолуктун бузулушунун себеби негизинен жагымсыз климаттык-географиялык шарттар экендиги көрсөтүлдү жана бул маселе мындан ары да изилдөөлөрдү улантууну талап кылат.




*4-сүрөт. Бийик тоолуу аймактарда туруктуу жашаган адамдардын лимфоциттеринин дифференциациялык антигендери.*
*° - жыйынтыктар жапыз тоо жашоочуларынын маалыматтарынан статистикалык жактан анык айырмаланат (P <0.05).*
** - жыйынтыктар орто тоо бийиктигинде жашоочулардын маалыматтарынан статистикалык жактан анык айырмаланат (P <0.05).*

Медициналык көйгөйлөр бөлүмү калктуу конуштардын ичинен инвалиддик интенсивдүү көрсөткүчүн (ИК) изилдөө иштерин Советское айылында жүргүзүшкөн. Ал жерде инвалиддик интенсивдүү көрсөткүчү-397ни түзгөн, анын ичинде 18 жаштан жогору-282 адам, 0-17 жаштагылар-115,3 адам. Ал эми Айдаркен айылынын сымап зонасында болсо 359ду түзөт: 18 жаштан жогору - 246 адам жана 18 жашка чейин -113 адам. Сурьманын кармалышы эң жогору болгон Кадамжай айылында, инвалиддик интенсивдүү көрсөткүчүнүн эң жогорку чеги аныкталган, анда 18 жашка чейинкилер-122,4; 18 жаштан улууларда-260,68ди түзгөн. Үч-Коргондо: жалпы саны- 294, анын ичинде 18 жаштан жогоруларда-224 жана 18 жашка чейинкилерде-70,49ду түздү. Кадамжай районунун жашоочулары үчүн практикалык



сунуштар иштелип чыкты, анын ичинде: аймакты булганган кумдан жана топурактан тазалоо, топуракты калыбына келтирүү жана топуракты калыбына келтирүү ыкмаларын иштеп чыгуу, калкты сапаттуу, таза ичүүчү суу менен камсыз кылуу.




*5-сүрөт. Баткен облустунун Кадамжай району боюнча инвалиддик интенсивдүү көрсөткүчү (ИК)*

Билим берүүнүн жана окутуунун инновациялык ыкмалары жана трансферт борборунда иштелип чыккан далилдүү медицина боюнча окуу чөйрөсү КММАнын госпиталдык терапия бөлүмүндө жана УКТБ жүрөктүн өнөкөт жетишсиздиги бөлүмүндө киргизилген. Нерофизиология лабораториясынын изилдөөлөрүнүн натыйжалары (1. Жогорку нерв иш-аракеттеринин физиологиясы боюнча лекциялар, 2. Тоолуктардын психо-физиологиялык абалын баалоонун экспресс-методдору.) Эл аралык медициналык жогорку мектебинин базистик дисциплиналар бөлүмүнүн окуу планына киргизилген.

**Илимий-уюштуруучулук ишмердиги:**

- Медициналык көйгөйлөр бөлүмүнүн фармакология, токсикология жана морфология лабораториясы (м.и.д., проф. Белов Г.В.) „Медициналык реабилитациялоонун актуалдуу маселелери" Эл аралык илимий конференциясын өткөрдү (Бишкек-Чолпон-Ата, 11-14-март, 2020-жыл).
- „Кыргызстандын Эл аралык Университети" академиялык консорциуму Бийик тоо физиологиясы жана медицина институту менен биргеликте КР Жогорку кеңешинде „Аймактарды өнүктүрүү, өлкөнү санариптештирүү жана Кыргыз Республикасында балдарды колдоо жылына" арналган „Кыргызстандын тоолуу аймактарындагы аялдар менен балдардын жыргалчылыгын туруктуу өнүктүрүү" Эл аралык илимий-практикалык конференциясын өткөрдү (15.06.2020).

1 КР патент алынды, баардыгы 65 эмгек, 1 монография, 64 илимий макала, анын ичинде 31 макала чет мамлекеттерде, РИНЦ индекси менен 32 жана 2 макала Scopus, Web of science-1 индекси менен басып чыгарылды.

## Э.З. ГАРЕЕВ атындагы БОТАНИКАЛЫК БАК ИЛИМ-ИЗИЛДӨӨ ИНСТИТУТУ

*Кызматкерлердин жалпы саны - 63, анын ичинен илимий кызматкерлер – 29, анын ичинен 1 илимдин доктору, 6 илимдин кандидаты; жаш илимпоздордун салыштырма салмагы (35 жашка чейин) - 17%.*

**ДОЛБООР: «Кыргызстандагы өсүмдүктөрдүн генофондун сактоо жана байытуу».** Регистрациялык № 0007169, аткарылган убагы: 2016-2020- жж.

Бюджет – 9500,6 миң сом, бюджеттик эмес – 880 900 миң сом, 4 Эл аралык долбоорлорго катышуу, жалпы каржылоо – 6 200 АКШ $.

**Маанилүү натыйжалар:**

6 900го жакын жогорку өсүмдүктөрдүн коллекциялык фонду сакталды, маданий жана табигый флоранын жаңы 95 түрү, форма жана сорттору, мөмөлүү жана гүлдүү өсүмдүктөрдүн гибриддик формалары менен толукталды. Өсүмдүктөрдүн уруктарынын банкы жергиликтүү флоранын уруктары менен толукталды.

КР УИАнын Ботаникалык багы ботаникалык бактардын Дүйнөлүк реестрине кирген, 5 Эл аралык уюмдардын мүчөсү. Дүйнөнүн 30˙ мамлекетинин 111 ботаникалык мекемелери менен байланышып турат. Алар менен урук алмашуу үчүн 2019-2020-жж. Index Seminum электрондук версиясы түзүлүп таратылды. Тизме өсүмдүктөрдүн 70 семействосунун 435 аталышын камтыйт. Өсүмдүктөрдүн 68 семействосунун 200 түрүнүн уруктары чогултулду, анын ичинде, жергиликтүү флоранын 20 семействосунунун 46 түрү, 30 мамлекеттин 73 багынын уруктарга буйрутмасы аткарылып, аларга жалпы 981 пакеттик үлгүлөр жөнөтүлдү. 28 мамлекеттин 105 багына уруктарга буйрутма берилип, 722 пакеттик үлгүлөр алынды.



*Алманын «Мээрим» сорту*

Ботаникалык бактын мөмөлүү өсүмдүктөрүнүн селекциялык иштеринин натыйжасында «Кыргыз Республикасынын аймагында пайдаланууга уруксат берилген



*Кара өрүктүн Береке сорту*

өсүмдүктөрдүн гибриддеринин жана сортторунун мамлекеттик реестерине» 2020-ж 3 сорт: алманын «Мээрим», кара өрүктүн «Береке» жана «Ольга» сорттору катталды.

Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлигинин сортторду сыноо боюнча Мамлекеттик тоолуу Аламүдүн борборуна алманын 2 гибриддик формалары берилди.

Гүлдөр культурасы менен селекциялык иштер жүргүзүлдү: гемерокаллис, гладиолус, иристер менен (кыйыштыруунун 18 комбинациясы), алардан гибриддик уруктар алынды, 12 жаңы туруктуу гибриддик формалар тандалып алынып, сүрөттөлдү.

Дендрарий-коруктун көргөзмөлүү аянтчаларына жана бөлүктөрүнө дарак өсүмдүктөрүнүн 20 түрү, формалары жана сорттору тигилди, анын ичинен бак үчүн 6 жаңы түрү тигилди: Exochorda sp. (Экзохорда sp.), Acer circinatum (Клён завитой



141704), Acer nikoense (Клён нико 142020), Hydrangea arborescens “Hayes Starbust” (Гортензия древовидная “Hayes Starbust”), H. Quercifolia (Гортензия дуболистная), H. avillosa (Гортензия войлочная).

Суланж магнолиясын (Magnolia soulangeana) урук менен өстүрүү тажрыйбасынын жыйынтыктары чыгарылды. Тигүү үчүн эң натыйжалуу болуп уруктарды 3 суткага сууга салып, анан ариллусун (присемянник) алып салуу ыкмасы аныкталды.

Гетероауксиндин, натрий гуматынын ж.б. стимуляторлорду колдонуу менен ийне жалбырактуулардын 40 түрүнүн, формаларынын жана сортторунун, 118 жазы жалбырактуулардын калемчелери отургузулду.

Фульвогумат (калийдин төмөн молекулярдуу гуматы фульвик кислотасы менен) аминосит (амин кислоталарынын комплекси) жана корневин стимуляторлору дарактуулардын 6 түрүнүн жана формаларынын калемчелери тамырлануусуна тийгизген таасири боюнча тажрыйбалары жүргүзүлдү.

2018-жылы 2 вариантта себилген кизил кадимки (кизил мужской) үрөндөрүнүн өнүп чыгышы байкалды. Нымдап туруп топуракка себилген уруктардын өнүүсү 3,3%, стратификациядан кийин 18,3% түздү. Өсүмдүктөргө байкоо жүргүзүү улантылууда.



*2018-жылы көчүрүлүп отургузулган Эдуард рябчигинин пияздары жана Северцовдун корольковиясы Пияздардын өлчөмү 1 см ден ашпайт*

Дендрарий-коруктун секторлоруна, түрлөр комплексинде рекогносцировкалык байкоолор жүргүзүлдү. 2019-2020-жж температуралык режими өсүмдүктөрдүн кыштоосуна жана вегетациясына ыңгайлуу болду.

Каштан конский жөнөкөй зыянкечтерге каршы 2 жолу рогор (Би58) менен дарыланды. Вирустардан жабыркаган баалуу өсүмдүктөрдүн иммунитетин көтөрүү үчүн Nutrivant минералдык жер семирткичи менен азыкталды.

Кара топурак аралашмасы даярдалып, анализден өтүп, этикеткаланган 3 литрлик пакеттерге салынды. “Дендрарийден кара топурак” аталышында сатыла башталды.

Гүлдүү-декоративдик өсүмдүктөрдүн коллекциясын сактоо боюнча иш-чаралар жүргүзүлдү.

Мандалактардын жаңы сортторунун жана пияздардын түрлөрүнүн таксономиялык тиешелүүлүгү аныкталды.

Ачык жана жабык топуракта өскөн жаңы 50 түр жана сортторго, иристин, мандалактардын, майда пияздуу, Кыргызстандын жапайы флорасынын өсүмдүктөрүнө фенологиялык байкоолор жүргүзүлдү.

Гладиолустардын коллекциясы (150 ашык сорттор жана гибриддик формалар), георгиндер (20 сорт), канналар (8 сорт) жана «Жердев багы» питомниги белекке берген бак розалары (2 миңден ашык 8 бак группасы) ачык топуракка отургузулду.

Оранжереяда алоэ коллекциясынын 20 ашык түрү, бийик бойлуу өсүмдүктөр көчүрүлүп тигилди: пальманын 4 түрү, стрелициялар жана фикустун ар кандай түрлөрү, банан, кант тростниги, пеларгониянын 9 сорту.

Ири кактустар жана суккуленттердин экспозициясына жаңы түрлөр кошулду: эуфорбиялар, кактустар жана хавортиялар.

Оранжереялык өсүмдүктөрдүн уруктары себилди. Алоэнин, мангонун, бовеянын, драценанын, пассифлоранын, лианалардын жана пальмалардын айрым түрлөрүнүн уруктары өнүп чыкты. Бегония, пеларгония,



*Оранжереядагы өсүмдүктөрдүн гүлдөөсү*

эйхризона, гибискус, молочай, плющ ж.б. өсүмдүктөрдүн сортторунун калемчелери дайындалды. Себилмелер жана тамырланган калемчелер коллекцияны толуктоо жана сатуу үчүн челектерге тигилди.

Мөмөлүү өсүмдүктөрдүн ичинен сортту изилдөө, коллекцияны толуктоо жана сактоо үчүн алманын 31 сорту жана 25 селекциялык формасы, алмуруттун коллекциясынан орун которуштуруу үчүн 11 сорту тигилди.

“Абрикос көчөтүн жана бактарын өстүрүү, сугаруу технологиясы” иштелмеси кыргыз тилинде иштелип, басмадан чыкты.

Мөмөлүү өсүмдүктөрдүн физиологиялык изилдөөлөрү жүргүзүлдү – алмуруттун жалбырактарынын сууну жоготуусу, тургоресценттүүлүгүнүн калыбына келүүсү, суунун жетишсиздиги; алмуруттун 13 сортунун тынчтыгынын узактыгын аныктоо: кыска мөөнөттүү тынчтык “Внучка” сортунда, орточо – “Выставочная”, Оливье де Серр”, Дюшес де Ангулем”, узак - «Лесная красавица”, “Майская”, “Ноябрьская”, “Самаркандская поздняя”, “Феерия”, “Краснокутская зимняя”, “Талгарская красавица”, “Форель зимняя”, “Стар кримсон” сортторунда аныкталды.

Мамлекеттик сорт сыноого берилген алманын 23 сортуна (желе оорусу, парша, бактериалдык күйүк), сүрөттөлүп тандалынып алынган 16 формасына, ал-



*«Нишони» сорту*

муруттун 39 сортуна коллекцияларда жана селекциялык кварталдарда фенологиялык байкоолор жүргүзүлдү. Бактериалдык күйүккө туруктуулугу боюнча алманын жана алмуруттун сорттору тандалып алынды.

Кара өрүктүн «Лидия», «Дарья», «Юбилейное Солдатова», «Елена», «Киргизское превосходное», «Памяти Гареева», «Анастасия», «Чуйская красавица» сортторуна патент алуу үчүн материалдардын жана документтердин топтолуусу улантылууда.

Ийне жалбырактуулардын бак формасынын 6 түрүнүн: Thuja occidentalis - ′Ellwangeriana′, ′Globosa nana′, ′Hoveyi′, ′Spiralis′, ′Alba′ ′Brabant′, ′Dumosa′ жана ′Cristata′; Juniperus sabina′ Tamariscifolia′ жана ′Aurea′; Juniperus horizontalis′ Andorra Compacta′ и ′Blue Chip′; Juniperus scopulorum ′Blue Arrow′, Juniperus squamata ′Blue Carpet′; Chamaecyparis picifera′Filifera′ жана жалбырактуулардын ар дайым жашыл өсүмдүктөрдүн 2 түрүнүн: Buxus sempervirens variegate ′Variegata Boxwood′, Buxus sempervirens ′Variegata′ жана Euonymus ‘Aureo-variegata’ өсүү өзгөчөлүктөрү жана өнүгүүсүн изилдөө улантылууда.

Clonex өсүү стимулятору менен Thuja occidentalis - ′Ellwangeriana′, ′Hoveyi′, ′Spiralis′,′Alba′ и′Brabant′, Chamaecyparis picifera′Filifera′, Juniperus sabina ′Tamariscifolia′ жана ′Aurea′ өсүмдүктөрүнүн калемчелеринин тамырлануусуна тийгизген таасирине изилдөөлөр жүргүзүлдү. Тажрыйба вариантында калемчелердин тамырлануусу



контролдук вариантка салыштырмалуу 33,2% жогору болду. Thuja occidentalis ′Ellwangeriana′ жана Chamaecyparis picifera′Filifera′ калемчелеринин тамырлануусу начар болуп, стимулятор менен – 10% түздү. Juniperus sabina ′Aurea′ калемчелеринин тамырлануусу 90% болду.

Туянын, можжевельниктердин, кипарисовиктердин ар кандай формаларынан 2 вариантта калемчелөө жүргүзүлдү (контроль – стимуляторсуз, тажрыйба - «Vitroclon» стимулятору менен). Ар бир вариантта 100 калемче эки сыйрадан тигилген. Байкоолор улантылууда.

Weigela L. 7 бак формасынын өсүү өзгөчөлүктөрүнө жана фенологиясына изилдөө улантылууда. Май айында бардык формаларында мол гүлдөө белгиленди. Калемчелөө иштери жүргүзүлдү.

Репродукциялык питомникте гүлдөөчү бадалдардын 10 түрү өстүрүлүүдө, көп талап кылынган дарактардын жана бадалдардын 6 түрү калемчеленди, уруктары себилип 5 түрдүн себилмелери өстүрүлүүдө.



75 чет аймактык дары чөптөрдүн ичинен 40 түрү жана сортторуна фенологиялык байкоо жүргүзүлдү. Коллекция 2 жаңы түр менен толукталды Mentha spicatavar (Марокко жалпызы) жана Allium fistulosum (Пияз-батун).

Урук менен көбөйтүү тажрыйбалары Linum usitatissimum L. (Лен культурный) жана Nigella sativa L. (Чернушка посевная) үчүн, алардын өнүп чыгуусу боюнча жүргүзүлдү. Bergenia stracheyi (Бадан стречи) көбөйтүлдү, Ctevia rebuandiana (Стевия медовая) тамырлары ачык топуракка отургузулду жана 100% сакталды.

Дары чөптөр чогултулуп, кургатылып, салмагы 6,1 кг. болгон сырье дайындалды.

Килем өсүмдүктөрүнө фенологиялык байкоолор жүргүзүлдү. Туруктуу өсүү жерине Lamium maculatum (Яснотка крапчатая) 3 форма «Aureum», «Beacon Silver» жана «Roseum»; Dianthus carthusianorum, Dianthus monspessulnus L., Dianthus deltoids L. (Гвоздика) 3 түрү тигилди.

Розалар калемчеленди: 10 спрей сотунан, 1-флорибунда, 1-килем өсүмдүктөрү. Тамырлануу: килем розалары - 84%, спрей розалары - 60%, флорибунда - 40%. 2020-ж. розалар зыянкечтерге дуушар болду.

Түштүк Урал багбанчылык жана картошка өстүрүү ИИИнун селекциялык кара карагаттын Русалка, Сокровище, Пигмей, Шипярки (долоно менен ит мурундун гибриди) сорттору калемчеленип, биринчилик интродукциялык иштери жүргүзүлдү. Русалка сортунун тамырлануусу 57%, Пимей – 50%, Шипярка – 24% түздү.

Нарын филиалында Тянь-Шань, сибирь карагайларынын питомниги түзүлгөн. Карагайдын өсүүсү – 90%, Тянь-Шань карагайы – 30% түздү.

Кыштоодон кийин өсүмдүктөргө фенологиялык байкоолор, өлчөөлөр жүргүзүлдү, сибирь карагайынын өсүүсү 2-10,5 см, ель – 0,5-3 см. түздү. Алмуруттун көчөттөрүн көбөйтүү үчүн air layer propagation (аба көчөтү) ыкмасы колдонулуп, көчөттөр тамырланып, эң жакшы жол экенин далилденди.





*Кызматкерлердин экспедициясы*

**Илимий-уюштуруучулук ишмердиги:**

КР УИАнын Ботаникалык бак ИИИ эл аралык кызматташуунун негизинде 4 долбоор боюнча иш алып барууда: “MSDSP KG” КФ Ага Хан демилгеси фондунун “Тоо багбанчылыгы” долбоору – фермерлер үчүн 2 практикалык консультация өттү, 1 рекомендация басмадан чыкты; Кембридж университетинин “Darvin Initiative” фонду, “Биоресурс” КФ, КР УИА ХФТИ менен биргеликте “Кыргызстандагы жапайы пияздуулар популяциясын изилдөө, сактоо жана өндүрүү” долбоору – питомникте жапайы өскөн мандалактардын 9 түрүнүн пияздары өстүрүлдү, 1 семинарга катышуу болду; UNCCD, CAMP-АлаТоо КФ “Айыл жана токой питомниктерин колдоо аркылуу кургакчыл жерлерде токой өстүрүү” долбоору – 2 токой чарбаларында 4 семинар жана мастер-класс өткөрүлдү; Түштүк Кореянын Улуттук арборетуму, Конжу университети менен биргеликте “Жашыл жол-CABCN” долбоору – Кыргызстандын 7 регионуна Tamarix L. (Гребенщик) жана Malus L. (Алма) өсүү ареалын изилдөө үчүн 4 экспедиция болуп өттү, уруктар, 48 гербардык үлгүлөрү, объекттердин видео- жана фотосүрөттөрү, ДНК-анализ жасоо үчүн жалбырактардын үлгүлөрү чогултулду.

1 эл аралык илимий конференция, санариптештирүү боюнча 1 илимий-усулдук семинар, КР УИА жаш илимпоздорунун семинары, “Каратал-Жапырык” мамлекеттик жаратылыш коругу менен биргеликте Нарын областына 1 экспедиция уюштурулуп өттү.

Кызматкерлер 5 чет өлкөлүк эл аралык (сырттан) жана 8 мамлекеттик ички онлайн-конференцияларга, семинар, вебинарларга катышышты, 5 сертификат алынды.

Жалпы 26 илимий эмгек басмадан чыкты, анын ичинен: эл аралык илимий конференциянын материалдарынын жыйнагы – 1 - “КР УИАнын жарчысы” №4; 20 илимий макала (6 – чет өлкөдө, 18 – РИНЦ) жана 1 отчет (Россия); 2 брошюра-сунуштама; 2 түстүү буклет.

КР УИАна “Бишкек шаарынын экологиясын жакшыртуу боюнча 10 жылдык натыйжалары (2010-2020-жж.)” аттуу отчет тапшырылды.

“КР УИАнын Э.З.Гареев ат. Ботаникалык бактын Бишкек шаарынын экологиясын жакшыртуудагы орду” (2021-2023-жж.) долбоору ишке ашыруу үчүн уюштуруучулук жана финансылык планы түзүлдү.

